**№52 жалпы орто билим берүү мектебинин кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин 2019-2020 - окуу жылында аткарган иштеринин анализи.**

2019-2020 - окуу жылында мектеп жамааты "Мамлекеттик билим берүүнүн стандартын ишке ашырууда окуучуларга заманбап билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана тарбия берүүдө мугалимдердин компетенттүүлүгүн өнүктүрүү" деген теманын үстүндө эмгектеништи. Ал эми кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмеси **"**Мугалимдердин, окуучулардын ийгиликтүү инсан катары коомго аралашуусуна, өзүн өзү аныктоосуна шарт түзүү" деген теманын үстүндө эмгектеништи. Бул окуу жылында усулдук бирикменин мугалимдери алдыга төмөнкүдөй максаттарды коюшту:

- Сапаттуу билим берүү менен окуучулардын мамлекеттик тилди билүү жана үйрөнүү көрсөткүчүн жогорулатуу.
- Окуучулардын жаш курагын эске алуу менен алардын жекече жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү.
- Окуучуларга билим берүүдө алардын физикалык жана психикалык ден- соолугун сактоо, бекемдөө менен жагымдуу жагдай түзүү.
- Окуучулардын билим алууга кызыкчылыгын арттыруу.
- Окуучулардын кыргызча сөз байлыгын өстүрүү максатында иш чараларды өткөрүү.
- Окуучулардын шыгын ачуу.
- Окуучулардын кыргыз тилинде көркөм окуусуна, окуп түшүнүүсүнө өзгөчө көңүл буруу.
- Окуучуларды окутууда окуу тарбия иштерин бир этаптан экинчи этапка өтүүнү үзгүлтүксүз уюштуруу.
- Бардык сабактарында окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ден-соолугун коргоону, бекемдөөнү камсыздандыруу.
- Мугалимдердин профессионалдык өсүп – өнүгүүсү үчүн үзгүлтүксүз иш алып баруу.
- Окуучуларга билим беүүдө жаңылануу ыкмаларын кеңири колдонуу.
- Кыргыз тилин окутууда окуучулардын сапаттуу жазуусуна көңүл буруу.
- Кыргыз тилин окутуу менен бирдикте кыргыз элинин тарыхы, каада – салты, үрп-адаты менен окуучуларды кеңири тааныштырууга аракеттенүү.

- Мезгилдин талабына ылайык жаңы технологияны, жаңы идеяларды колдонуу менен чыгармачыл сабакты өтүү.

Мына ушундай максаттарды ишке ашыруу үчүн усулдук бирикмеде жети мугалим эмгектеништи. Ар бир мугалим өз алдынча усулдук тема алып, ал теманын үстүндө иштешти. Алар:

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Жолдошбекова М.Б. | Билим сапатын көтөрүү, окуучуларга мамлекеттик тилди окутууда,үйрөтүүдө алардын кызыгуусун арттыруу максатында жаңылануу ыкмаларын, компьютердик технологияларды кеңири колдонуу. |
| 2. | Абакирова Р.О. | Кыргыз тил ,адабият сабактарында жана сабактан тышкаркы иш чараларда окуучулардын сүйлөө , жазуу речин жана чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн өстүрүү менен билим сапатын жогорулатуу. |
| 3. | Батырбекова А.А. | Окуучулардын билим дэңгээлин өнүктүрүүдө дидктикалык оюндарды колдонуу. |
| 4. | Кенжебаева М.И. | Кыргыз тил,адабият сабагында макал-лакаптардын маанисин чечмелөөнүн негизинде окуучулардын дүйнө таанымын өстүрүү.активдештирүү жана эне тилине болгон кызыгуусун арттыруу |
| 5. | Карабаева Б.К. | Элдик оозеки чыгармалар аркылуу окуучулардын сүйлөө кебин өстүрүү. |
| 6. | Тиленбаева Ж.Ж. | Жаңылануу ыкмаларын колдонуу менен окуучулардын кыргыз тилине болгон кызыгуусун арттыруу. |
| 7. | Калыбекова Айсанат | Мамлекеттик тилди өз алдынча өздөштүрүү, үйрөнүү үчун компетенттүүлүккө негиздеп окутуу |

Окуу жылдын башында УБнин жыйыны өтүп жаңы окуу жылына иш планы каралып, бекитилди. Календарлык – тематикалык план ар бир класска жаңы стандартка ылайык

түзүлүп, ар бир мугалим УБнин жетекчисине көрсөттү. Ошондой эле окуу жылында өтүлө турган декаданын планы бекитилди.

Декаданын максаты: Окуучулардын кыргыз тилине кызыгуусун арттыруу. Окуучулардын сүйлөөгө, көркөм окууга машыгуу. Кыргыз элинин каада – салттарын жана үрп-адаттарын көрсөтүү менен окуучулардын кыргыз элине тарыхын билүүгө кызыктыруу. Мекенди сүйүүгө жана патриоттуулукка тарбиялоо.

| № | Мугалимдер | Класстар | Мөөнөтү | Тема |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Абакирова Р.О. | 4б-класс | 24.02.20. | “Манас” эпосу жөнүндө |
| 2 | Батырбекова А.А. | 8а-класс | 19.02.20. | Сыпат бышыктооч |
| 3 | Кенжебаева М.И. | 8к, 9-к-класс | 18.03.20. | Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгы боюнча лирикалык кече |
| 4 | Карабаева Б.К. | 10б - класс | 25.02.20 | Текст менен иштөө |
| 5 | Тиленбаева Ж.Ж. | 6а-класс | 25.02.20. | Таза жүрсөң ден соолукта жүрөсүң |
| 6 | Калыбекова Айсанат. | 5а-класс | 24.02.20. | Улуттук спорт оюндары |

Ошондой эле кыргыз тили жана адабиятынан өткөрүлө турган класстан тышкаркы иш чаралардын планы түзүлдү.”Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө “ мыйзамынын кабыл алынганын 30 жылдыгына карата өткөрүлүүчү иш чаралардын планы түзүлдү

| **Иш чаранын аталышы** | **класстар** | **Жооптуу** | **Өткөрүү мөөнөтү** |
|---|---|---|---|
| өнөр алды – кызыл тил | Көркөм окуу сынагы 3-11- класста | Калыбекова А. жана класс жетекчилер | 17.09 |
| “Эгемендүү | 5-11-класс | Дене тарбия | 16.09-30.09 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Кыргызстан" кыргыз улуттук оюндары боюнча мелдеш | | мугалимдери | |
| Мамлекеттик тил күнүнө карата | Класстык сааттар | Класс жетечилер | 21-сентябрь |
| "Мамлекеттик тил - өткөндүн булагы, бүгүнкүнүн баяны, келечектин чырагы дилбаяндар сынагы | 9,10-11- класстар | Тиленбаева, Абакирова Р.О Кенжебаева М | 15.10 |
| Куттуктоо кереге гезиттерди чыгаруу | 3-11- класстар | Класс жетекчилер | 16.09.-20.09 |
| Малекеттик тил күнүнө карата жыйын-флешмоб | 5-9- кыргыз класстар | Мурсаева г.К | 23.09 |
| Ырдайлы кыргыз ырларын | 3-11-класстар | Кенжебаева М | 20.09 |
| "КР Мам.тили жөнүндө " м-нын кабыл алынганын 30 ж-на карата райондук жүрүшкө катышуу | 10-11-класстар | Абакирова Р.О | 20.09 |
| Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы | Кинотасмаларды көрүү 7-11-класстар | УБнин мүчөлөрү | 1.12.-12.12. |
| Залкар жазуучу Ч.Айтматов | класстан тышкаркы иш чара 10-класс | Карабаева Г | 12.12 |
| Ар улуттун башын кошкон Ала Тоо | 8-класстар | Класс жетекчилер | 19.02 |
| Тил- достуктун ачкычы | Дубал гезиттер сынагы 3-11-класстар | Класс жетекчилер | 14.02 |
| Ак калпак күнү | класстык саттар1-11 | Кл жетекчилер | 20.03 |
| "Сармерден" улан | 9-10-класстар | Карабаева Г | 18.03 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| кыздар арасында конкурс | | | |
| Нooруз майрамы | 5-класстар | Калыбекова А | 17.03 |

Көрсөтүлгөн сабактар өз убагында өтүлүп, сабактардын планы ар бир мугалимдин портфолиосуна салынышы керектиги айтылды. Ар бир айда УБнин жыйыны өткөрүлүп турду. Жыйында өткөрүлө турган иш чаралар бекитилип, аларга анализ жүргүзүлүп турду. Сентябрь айында 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата иш чаралардын планы бекитилди. 3-11 -класстар алгачкы билим деңгээлин текшерүү үчүн 9- сентябрь Комуз күнүнө карата жат жазуу жазышты. Мектеп ичинде кыргыз тилинен олимпиада өткөрүлүп, 10-класстан Сарбатырова Акылай, 11- класстан Керимкулова Нуриса районго жиберилди. 11-класстын окуучусу Керимкулова Нуриса райондо экинчи орунга ээ болду. Залкар жазуучу Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата карата иш чаралар өткөрүлдү.

- 4-6 – класстар арасында “Мен сүйгөн каарман” деген темада Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча сүрөт конкурсу уюштурулду.
- 7-11 – класстар Айтматовдун чыгармалары боюнча тартылган кинофильмдерди көрүштү.
- Ар бир кыргыз тили жана адабият мугалими Ч.Айтматовдун чыгармаларынан үзүндүлөрдү сахналаштырып коюп беришти.
- 1-11- класстарда класстык сааттар өткөрүлдү

Ноябрь айында 1-чейректин жыйынтыгы боюнча аткарылган иштердин анализи жана жетишкендиктери айтылды. Мыкты окуган окуучулар менен кошумча сабактарды өтүп, аларды мектеп аралык жана райондук олимпиадага даярдоо сунушталды.
Абакирова Р. О. өз билимин өркүндөтүү боюнча доклад окуду. Ушул эле айда “Манас” эпосуна арналган жумалык өткөрүлдү. “Манас” эпосу боюнча китепканада көргөзмө уюштурулду. 5-11 – класстар арасында “Манас” эпосун жайылтуу максатында сабактар , класстык сааттар өткөрүлдү. Январь айында 2019-2020 – окуу жылынын 1- жарым жылдыгындагы окуу тарбия иштери боюнча анализ жүргүзүлдү. Жетишпеген окуучулар менен иштөөнүн планы каралып, ар бир мугалим ал окуучулар менен кандай иш алып баргандыгы жөнүндө маалымат беришип, жеңилдетилген тапшырмаларды берүү сунушталды. Февраль айында “Эне – тил” күнүнө карата класстан тышкаркы иш чараларды жана ачык сааттарды өткөрүү каралды. “Ар улуттун башын кошкон Ала – Тоо” фестивалын 8 – класстын окуучулары өткөрдү.“Ак калпак” күнүнө карата жана КР Мамлекеттик желегин кабыл алган күнүнө карата класстык сааттар өткөрүлдү. Мугалим

Карабаева 8,9-класстын окуучулары менен даярдап жаткан "Нооруз" майрамына карата "Сармерден" кыз жигиттер оюну кырдаалга байланыштуу мөөнөтүнөн мурда каникулга чыгып кеткендиктен өткөрүлбөй калды. Ошондой эле жыл сайын март айында өткөрүлүп жүргөн "Нооруз" майрамына карата класстан тышкаркы иш чара кырдаалга байланыштуу өткөрүлбөй калды. Бул класстан тышкаркы иш чараны мугалим Карабаева даярдап жаткан.

Апрель айында окуучуларды көчүрүү сынагына жана жыйынтыктоочу аттестацияга даярдоо иштери пландаштырылган эле. Алдын алуу сынактар өткөрүлүп, ар бир кабинетте сынак бурчу даярдалышы керек эле. Көчүрүү, бүтүрүү сынактарынын материалдары УБнин жыйынында талкууланып каралышы керек эле. Жылдын жыйынтыгы боюнча бардык класстар кыргыз тилинен жазуу иштери өткөрүлүп, алардын анализи окуу бөлүмүнө өткөрүлүшү керек эле. Бирок бул пландаштырылган иштер кырдаалга байланыштуу аралыктан окутуу болгондуктан өткөрүлбөй калды.
Усулдук бирикменин мүчөлөрү аралыктан зум аркылуу чогулуш өткөрүп , 4- чейрекке карата кайрадан иш планы түзүлдү. Окуу программасын толугу менен аткарыш үчүн ар бир мугалим өздөрү иштеген класстарда календардлык тематикалык планды карап чыгып, кайрадан түзүп чыкты.Онлайн сабактарды өткөрүү менен жаңы теманы түшүндүрүү иштери, көнүгүүлөрдү аткаруунун түрлөрү, текст менен иштөөнүн ыкмалары, жазуу иштерин өткөрүү жолдору, ошондой эле балдар менен кандай кайтарым байланыш жолдорун уюштуруу керектиги каралды. Телеберүүдө берилген сабактарды көрүү менен , ар бир мугалим планга ылайык сабак өтүүсү керектиги каралды. Мугалимдер 4-чейректе ватсап аркылуу, видеобайланыш аркылуу, зум аркылуу, уюлдук телефон аркылуу балдар менен байланышка чыгып, сабактарды балдарга жеткиликтүү түшүндүрүүгө аракет кылып жатышты. Жазуу иштери мугалим тарабынан ар кандай ыкмаларды колдонуу менен өткөрүлүп жатты.Мисалы: жат жазуу класста окугандай бир нече жолу окулуп, диктофонго жазылып жиберилип жатты. Окулган грамматикалык темалар боюнча тесттик тапшырмалар түзүлүп өткөрүлүп жатты. Текстке карата суроолорго жооп берүү, берилген текстке карап өз оюн улап жазуу, берилген текстке анализ жүргүзүү,өтүлгөн грамматикалык темага карата тапшырмасы бар көнүгүүлөрдү аткаруу, которуу иштери, көркөм окуу,сүрөткө карап таяныч сөздөрдү колдонуп текст түзүү, башталгыч класстарда туура көчүрүп жазуу иштери, жогорку класстарда эссе, дилбаян жазуу иштери жүргүзүлдү. Окуучулар үчүн кыйынчылыктар болгон мезгилде мугалим балдарга ыңгайлуу болгон байланышка чыгып, түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турду.

Окуучулардын суроолоруна жекече жооп берүү үчүн алар менен байланышка чыгып , сабактан тышкары түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, мугалимдер ата- энелер менен тыгыз байланышта болушту. Бардык усулдук бирикменин мүчөлөрү- класс жетекчи. Ошондуктан жума сайын класстык сааттар өткөрүлүп, окуучулар үчүн жаңы шартта пайда болгон суроолор каралып , аларды өз убагында чечүүгө багытталган иш аракеттер өткөрүлүп жатты. Ар бир мугалим өтүлө турган сабактын планын класстардын, ата – энелердин группасына, мектептин сайтына жөнөтүп турду.Видеосабактар, сабактардын темасына ылайык видеороликтер, слайддар жөнөтүлүп турду. Тапшырмалардын жеңилдетилген түрлөрү түзүлүп, начар окуган окуучулар менен жекече сабактар өткөрүлүп, мугалимдер балдар менен кайтарым байланышка чыгып жатышты. Мындан тышкары тематикалык класстык сааттар орус жана кыргыз тилинде өткөрүлүп турду. Мисалы:Улуу Жеңиштин 75жылдыгына карата, 1-июнь балдарды коргоо күнүнө карата тематикалык класстык сааттар өткөрүлдү.

Май айында УБнин жыйыны өткөрүлүп , анда аралыктан окутуу убагында болгон көйгөйлөр каралып,кийинки окуу жылында бардык класстарда билим деңгээлин текшерүү менен , балдар үчүн оор болгон , 4- чейректеги айрым темаларды кошумча сабак өтүү каралды. Эгерде кырдаалга карата аралыктан окутуу боло турган болсо, ар бир мугалим календарлык тематикалык планды кайрадан карап чыгып, август айында түзүлө тургандыгы айтылды.

**Усулдук Бирикменин 2020-2021– окуу жылына милдети:**

- Окуучулардын жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү.
- Окуучуларга билим берүүдө жагымдуу жагдай түзүү.
- Окуучулардын билим алууга кызыкчылыгын арттыруу.
- Окуучулардын кыргызча сөз байлыгын өстүрүү максатында ар кандай багыттагы класстан тышкаркы иш чараларды өткөрүү.
- Окуучуларды класстан тышкаркы иштерге катышуусуна шарт түзүү, алардын кызыгуусун арттыруу .
- Окуучулардын кыргыз тилинде көркөм окууга кызыктыруу максатында көркөм адабий чыгармалар боюнча кинотасмаларды көрсөтүү. Чыгармадан үзүндүлөрдү көркөм окуу конкурстарын өткөрүү.каармандар боюнча адабият сабактарында анализ жүргүзүү
- Тарбиялык иш чаралардын сапаттуу өтүшүнө көңүл буруу .
- Кыргыз тили жана кыргыз адабият сабактарында окуучулардын жекече жөндөмдүүлүктөрүн эске алуу менен, ата-энелер менен дайыма байланышта болуу.
- Мугалимдердин өздүк портфолиосун жаңыртуу
- Аралыктан окутууда жаңылануу ыкмаларын кеңири колдонуу.

- Окуучулардын сапаттуу жазуусуна, туура,көркөм окуусуна көнүл буруу.
- Сабак берүү менен катар класстан тышкаркы иш чараларда кыргыз элинин тарыхы, каада – салты, үрп- адаты менен окуучуларды кеңири тааныштырууга аракеттенүү.
- Окуу процессинде мезгилдин талабына ылайык жаңы технологияны колдонуу менен чыгармачыл сабакты өтүү.
- Аралыктан окутууда болгон жетишкендиктерди жана кемчиликтерди эске алуу менен. жаңы окуу жылына календарлык тематикалык планды түзүү